**Токтом №1**

**Башталгыч класстарынын усулдук бирикмесинин сентябрь айындагы отуруму**

27.08.2022-ж

Катышканы-5

Катышкан мугалимдер: 1. Абдрахманова А. Э

2. Осмонова Е. Дж

3.Омуркулова Ф. Ж

4.Касиева Г. К

5.Кокоева А. Дж

Башталгыч класстарындагы окуучулардын саны-64

1-класс -18окуучу

2-класс – 10окуучу

3а- класс – 10окуучу

3б-класс – 7 окуучу

4-класс – 19 окуучу

**Күн тартибинде :**

1. 2021-2022-окуу жылында башталгыч классынын усулдук бирикмесинин ишине анализ берүү.
2. Жаңы окуу жылындагы өзгөрүүлөр менен таанышуу, талкуулоо
3. 2022- 2023- окуу жылына карата башталгыч классынын календарлык тематикалык планын бекитүү.

1-маселе боюнча УБ жетекчиси Абдрахманова А. Э сүйлөдү.

Окуу жылы 2021-жылдын 15-сентябрында башталып 2022-жылдын 8-июнунда аяктады. Башталгыч класстары 2021-2022-окуу жылында даярдалган иш пландын негизинде иш алып барышты.Жалпы башталгыч классында 5 класс болду .Түзүлгөн пландын негизинде башталгыч классынын декадасы өткөрүлдү.Мугалимдердин ачык сабактары убагы менен өтүлүп, сабактардын анализи усулдук бирикменин кеңешмесинде талкууланып турду.Апрель айында 1-классында “Ааламга жол Алиппеден башталат” аттуу алиппе китебин жыйынтыктоо боюнча ачык сабак болду. Май айында 4-классынын “Кош бол, башталгыч классым” аттуу ачык сабагы болуп өттү.

2-маселе боюнча УБ жетекчиси Абдрахманова А. Э сүйлөдү.

КРнын Билим берүү жана илим министрлигинин КРнын жалпы билим берүү уюмдары үчүн 2022-2023- окуу жылынын базистик окуу пландарын бекитүү жөнүндө буйругу , 2022-жылдын 5- августу , №1529/1 быйылкы окуу жылында окуу программаларында бир аз өзгөрүүлөр болду. Мекен таануу сабагы интеграцияланып, Мен

жана дүйнө деген аталышта берилип, бизди курчап турган дүйнө кубулуштары, өлкөдө жашаган элдердин руханий маданияты жана жүрүм –турум адеби, ошондой эле турмуш тиричилик коопсуздугунун негиздери менен тааныштырат.Ал эми музыка сабагы 1-2-класстарында жумасына 2сааттан ,3-4-класстарына жумасына 1 сааттан өтүлөт.

КРнын мектептик жалпы билим берүүнүн мамлекеттик билим берүү стандартынын 58,59-пункттарына ылайык 1-2-класстарда окуучулардын ийгилигин баалоо белги койбостон сапаттык жана сыпаттоо ыкмалары колдонулат.Баалоо белги коюу 3-класстан баштап киргизилет.Быйылкы окуу жылынан баштап , математика автору М. И. Моронун китебин колдонууга өтүп жатабыз.

3-маселе боюнча УБ жетекчиси Абдрахманова А. Э сүйлөдү.

1-4-класстары боюнча бардык предметтердин календардык тематикалык планы мамлекеттик стандарттын негизинде предметтик стандартка туура келгендей түзүлүүсү кажет. Ошондой эле усулдук бирикме жетекчисине , окуу бөлүм башчысына андан соң мектеп мүдүрүнүн текшерилүүсүнөн кийин колу менен мөөр басылып бекитилет.Календардык- тематикалык планды так ,туура бөлүштүрүү, тузүү ар бирибиздин милдетибиз.

Чечим:

1. 2022- 2023-окуу жылына карата башталгыч класстарынын календардык-тематикалык пландары түзүлүп бекитилсин.
2. 2022- 2023- окуу жылына карата башталгыч классынын усулдук бирикмесинин иш планы түзүлүп, бекитилсин.
3. Класс жетекчилерге, предметтиктерге(англис тили, орус тили) пландарды так , туура , мамлекеттик стандартка дал келгендей түзүү иши жүктөлсүн.
4. Иштин жүрүшүн көзөмөлдөө УБ жетекчиси Абдрахманова А. Э ге милдеттендирилсин.

Башталгыч классынын УБ жетекчиси: Абдрахманова А. Э

Катчы: Кокоева А. Дж

**Жайыл негизги мектебинин гуманитардык предметтер**

**боюнча усулдук бирикмесинин**

**№1 токтому**

**26.09.22** **Жайыл негизги мектеби**

Бардыгы:5

Катышты:5

**Күн тартибинде;**

1.Өткөн окуу окуу жылында окуу иштерине,китептерине анализ жсоо,милдеттерин аныктоо.

УБ жетекчиси

2.Жаны окуу жылына план түзүү жана бекитүү.Усулдук кенештин мүчөлөрү.

Токтонбекова З.А

3.5-8-класстарда өтүлгөн фронталдык текшерүүнүн негизинде кемчиликтердин үстүндө иштөө.

4.Мамлекеттик тил күнүнө карата кыргыз тили декадасынын өтүлүшүнө анализ берүү,жыйынтыктоо.

**1-маселе** боюнча бирикменин жетекчиси Токтонбекова З.А.төмөнкүлөргө токтолду.Мугалимдердин чыгармачылык ишин өнүктүрүүдө бирикме чон роль онойт.Жаны ыкмаларды рационалдуу орду менен пайдалануу,программалык тестирлөө,компетенттүүлүккө көнүл бөлүү. Англис тили,орус тили,кыргыз тили окуу китептери боюнча (тиркеме бар)

Былтыркы окуу жылынд ар бир мугалим ачык сабактарын отүүдө интернеттен маалымат алып ,телевизордо көрсөтүп окуучулардын кызыгуусун арттыруу максатында иштешти.Мисалы:орус тили мугалими Касимов И.И фразеология,лексика,жазуучунун өмүр баяны сыяктуу проблемалардын үстүндө иштеген.Окуучулар өз оюн айтуусуна шарт түзүүгө аракеттенген.Кыргыз тили жана адабияты сабактарынан мугалимдер Акматова А.К,Керимбаева М.У.сактардын ар бир раздели боюнча текст даярдап кайталоо,бышыктоо үстүндө иштешет.Окуучуларды интернеттен кошумча маалымат алып кызыктырууга аракет кылышат.Бирок ошого карабастан кемчиликтер бар.

-Зээнду окуучулар менен системалуу иштөө

-Начар өздөштүргөн окуучулардын кызыгуусун арттырууда диференциалдуу ыкмаларды колдонуу менен сабакты жетишүүсүнө аракеттенүү.

-дептерлердин абалы.Кол жазмалары.Дептерлердин сырттарын толтурууда,окуучу өз колу менен толтуруусу керек.

**Сунуш:**

1.Окуучулардын билим сапатын жогорулатуу үстүндө иштөө күчөтүлсүн.

2.Тест менен иштөөгө көнүктүрүү.

3.Ар бир сабактын өтүлүшүнө,жабдылышына көнүл бурулсун.

4.Сөздүктөр менен иштөөдө дифференциалдуу ыкмаларды колдонуу менен өтүлсүн.

5.Көзөмөл кылуу У.Б. жетекчилигине жүктөлсүн.

**2-маселе**

Мектептин жаны окуу жылына план түзүүдө өзгөрүүлөр киргизилип бекитүүгө берилди.

У.Б.мүчөлөрү болуп

1. Акматова А.К кыргыз тили жана адабияты мугалими.

2. Керимбаева М.У. кыргыз тили жана адабияты мугалими .

3. Токтонбекова З.А. англис тили мугалими.

4. Осмонова Е.Дж орус тили мугалими.

5. Касимов И.И. орус тили мугалими

**3-маселе**

5-8-класстарда өтүлгөн франталдык текшерүүнүн негизинде кандай кемчиликтердин үстүндө иштейт экенин ар бир мугалим токтолду.

-

Англис тили мугалими Токтонбекова З.А.

1. Сабакта татаал грамматикалык жана лексикалык бирдиктерди түшүндүрүүдө жана түшүнүүнү текшерүүдө англис тилин максималдуу түрдө,эне тилин максималдуу түрдө колдонуу.

2. Ар бир сабакта 10 минуталык жат жазуу жаздыруу (өтүлүп жаткан сөздөрдү)
3. Жаны лексикалык бирдиктердин айтылышына өзгөчө көнүл бөлүү,ар түрдүү ыкмаларды колдонуу:фонетикалык көнүгүүлөрдү хор,жеке,топ жана жуп менен кайталоо.
4. Сабактарда дайыма жуптук,топтук жана жекече ишти камтыган ар түрдүү формадагы тапшырмаларды колдонуу.

Осмонова Е.Дж орус тили мугалими

1. Фонетикалык талдоодо б‹зв. зв‹б. Наличие глухих и звонких согласных.Оглушение согласных,подбор проверочных слов.
2. Синтаксический разбор на каждом уроке.
3. Разнообразить форму работы над фразеологией.
4. Научить раскрыть пословиц своими словами слабых учеников.

Керимбаева М.У кыргыз тили мугалими.

1. Өз билимин өркүндөтүү үстүндө иштөө.
2. Окуучулардын активдүүлүгүнө жетишүү.
3. Окуучуларды сабакка кызыктырыш үчүн окутуунун техникалык каражаттарын жана көрсөтмө куралдарды көп колдонуу.

Жайыл негизги мектебинде мамлекеттик тилдин 33 жылдыгына карата 23-сентябрдан 30-сентябрга чейин өткөрүлгөн жумалыктын жыйынтыгынын билдирүүсү.

23-сентябрда жумалыктын ачылышы болду.Мектептин бардык окуучулары катышышты. “Кылымдарды каарыткан-кыргыз тили” деген темада үч айлык жарыяланды.Иш чаралар боюнча кыскача билдирүү берилди.

Салтанаттуу тизимде көркөм ырлар,улуттук бийлер,акыйнек жана макал-ылакаптарды көркөм айтышты.Ар бир класстарга ,тарбиялык сааттар бөлүнүп берилип,сабактар өтүлдү.Жумалыкта “Өркүндөй бер кыргы тили”деген темада китеп көрсөтмөсү уюштурулду.Ар бир класс мамлекеттик тил күнүнө карата дубал гезит чыгарышты.Жумалыкта өткөрүлгөн иш-чаралардын ичинен көркөм айтууда окуучулардын дикциясы үстүндө терендетип иштөө керек экендиги айтылды.

Кыргыз тили китептери боюнча маалымат.

5-6-класстарда кыргыз тили авторлор С.Үсөналиев ,Г.Үсөналиева Кыргыз адабият авторлор А.Муратов,К.Акматов .Бул окуу китептери предметтик стандарттын негизинде түзулгөн.Билим берүү мыйзамынын кыргыз тилин мамлекеттик тил катары өздөштүрүүгө окуучулардын сүйлөө речин өстүрүү,ан сезимин кенейтүү жазуу жана оозеки иштерин окуучулардын билимин кенейтүүгө тузулгөн.

Орус тили китетептери боюнча маалымат.

5-6-класстарда 2018-жылдан баштап өзгөрүүлөр бар.
Авторлор Н.П.Задорожная,Г.К.Таирова
Бул окуу китеби гос стандарттын негизинде кыргыз мектептеринде орус тилин окутууга берилген.Лексикалык минимум каралып,жашоо тиричилигинде орус тилин жакшы өздөштүрүүгө,калыптандырууга түзүлгөн.Тест,дифференциялдуу көнүгүүлөр менен камсыз кылынган

**Максаты:**

1. Сүйлөө,окуу ,жазуу жана угуу көндүмдөрүн калыптандыруу.
2. Экинчи тил катары орус тилин өздөштүрүү,ан сезимин өстүрүү.
3. Жазуу жана сүйлөө речин калыптандыруу.
4. Маданияттуу жүрүш турушка сүйлөө речин өстүрүү.

Англис тил окуу китептери боюнча маалымат:

Өзгөчө белгилеп кете турган 5-класс учүн окуу китеби автор Абдышева,Балутага.Жумасына беш саат белгиленип,6-класста англис тили ушул эле автор жумасына төрт саат белгиленген.Б/ул окуу китеби гос стандарттын негизинде түзүлгөн.Жашоо тиричилиги менен байланышып суйлөө речине көнүл бөлүнгөн .Суроолорго жооп берүү,окуп которуу,кыскача дифференциалдуу көнүгүүлөр берилген.

7-класс англис тили автор А.Юсупова,Н.Марин-Оглы.Бул окуу китеби жумасына үч саатка көбөйтүлгөн.Окуу китеби мурдагы окуу жылдарында эки саатка белгиленген,бирок бул окуу китебинде программага ылайык тапшырмалар үч саатка жетиштүү.Анткени ар бир порагрфта көнүгүүлөр кенири

түзүлгөн.Бирок бир учурларда мугалим кошумча маалымат киргизет.

**Жайыл негизги мектебинин табигый илимдер**

**боюнча усулдук бирикмесинин**

**№1 токтому**

29.08.22 Жайыл негизги мектеби

Бардыгы:3

Катышты:3

**Күн тартибинде;**

1. Өткөн окуу жылындагы усулдук бирикменин аткарган иштеринин жыйынтыгы.
2. Предметтердин календардык пландарынын окуу китептеринин авторлору менен дал келүүсү жана окуучулардын китеп менен камсыз болушу.

**1-маселе**

**Угулду:**Окуу бөлүмүнүн башчысы Акматова А.К 2021-2022-окуу жылындагы аткарылган иштерге анализ берди.Мында негизинен пландагы иштер аткарылгандыгын белгилеп өттү.Жетишкен жактары менен бирге орун алган кемчиликтерди жоюунун жолдоруна токтолду.

2-маселе боюнча бардык предметтердин календардык планы окуу китептеринин авторлору менен дал келиши тууралуу айтылды.8-класска химия,биология ,физика сабактарынан китептер 70% жетиштүү.

**Жогорудагыларды угуп жана талкуулап усулдук бирикменин жыйналышы**

**Токтом кылат:**

1. Өткөн 2021-2022-окуу жылындагы бирикменин мүчөлөрүнүн аткарган иштери негизинен “канааттандырарлык”деп белгиленсин.
2. Усулдук бирикменин бардык мүчөсү жаны окуу жылында окуучуларга жаны максаттардын негизинде,жаны усулдарды,жаны технологияны

пайдаланып сабак өтүүсү,өз билимин өркүндөтүүнүн үстүндө чыгармачылык менен иштөөсү милдеттендирилсин. Педагогдун функционалдык милдеттерин аткаруу жүктөлсүн.

3. Жаны окуу китептери жана жетишпеген китептерди алып келүү китепканачыга сунушталсын.
4. Усулдук бирикме мучөлөрүнө мамлекеттик стандарт программанын үстүндө иштөө сунушталды.
5. Иш убагында техникалык –коопсудук эрежелерин сактоо сунушталды.

Бирикме жетекчиси: Хожомуратова Б.С.

## Биология

| № | класс | Окуучулардын саны | Китептин автору | бар | жок |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | 6-класс | 18 | М.С.Субанова,М.М.Ботбаева К.У.Жамангулова | 15 | 3 |
| 2 | 7-класс | 13 | А.Токтосунова,К.Бейшебаева, Б.Мамытова,Д.Кыдыралиева. | 9 | 4 |
| 3 | 8-класс | 22 | Ж.З.Закирова Ч.С.Давлетова | | |

## Химия

| № | класс | Окуучулардын саны | Китептин автору | бар | жок |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | 8-класс | 22 | Б.Рыспаева,С.Молдогазиева,Т.Байдинов | 15 | 7 |

## Алгебра, сабагы боюнча китептердин саны

| № | класс | Окуучулардын саны | Китептин автору | бар | жок |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | 6-класс | 18 | С.К.Кыдыралиев | 18 | - |
| 2 | 7-класс | 13 | Ю.Н.Макарычев | 13 | - |
| 3 | 8-класс | 22 | А.Байзаков | 20 | 2 |

Бардык предметтер боюнча китептердин авторлору календардык план боюнча дал келет.

## Адам жана коом

| № | класс | Окуучулардын саны | Китептин автору | бар | жок |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | 5-класс | 8 | Осмонов,Керимов | 8 | - |
| 2 | 6-класс | 17 | Осмонов,Керимов | 10 | 7 |

## Дүйнө тарыхы.

| № | класс | Окуучулардын саны | Китептин автору | бар | жок |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | 5-класс | 8 | Осмонов,Керимов | 8 | - |
| 2 | 6-класс | 18 | Осмонов,Керимов | 10 | 8 |
| 3 | 7-класс | 13 | Ө.Осмонов ,Керимова Ш | 20 | 2 |
| 4 | 8-класс | 22 | Дөөталиев,Иманкулов | 17 | 5 |

## География

| № | класс | Окуучулардын саны | Китептин автору | бар | жок |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | 6-класс | 18 | К.К.Жунушалиева .Р.А.Мырзаева | 10 | 8 |
| 2 | 7-класс | 13 | М.Кадыркулов | 9 | 4 |
| 3 | 8-класс | 22 | А.О.Осмонов | 15 | 7 |

## Физика

| № | класс | Окуучулардын саны | Китептин автору | бар | жок |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | 7-класс | 13 | Э.Мамбетакунов.Б.Б.Мурзаибраимов | 10 | 3 |
| 2 | 8-класс | 22 | Э.Мамбетакунов.Т.Карашев .У.Мамбетакунов | 16 | 6 |